Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д.07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти, тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулаймановичтин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча жазылган Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)” деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациянын кол жазмасы боюнча

**Корутунду.**

1. **Диссертациялык кеңеш диссертацияларды коргоо кабыл алууга укукту болгон адисттике иштин ылайыктуулугу:** Кандидаттык илимий эмгек диссертациялык профилге дал келет. Изилденүүчү 1991 – 2005 жж. коомдук – саясий турмушунун өнүгүшүнүн тарыхын иликтөөгө аракет жасаган. Диссертациянын темасы 07.00.02 – Ата – Мекен тарыхы адистигинин паспортуна дал келет.
2. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугунун негизделиши:** 1991 – 2005 жылдар аралыгында Кыргызстандын коомдук саясий жашоосунун өнүгүүсүнүн этаптарын, жетишкендиктерин жана кетирлген каталарын изилдөө азыркы күндүн талабы. Анткени бул жылдардын ичинде Эгемен Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшү үчүн фундаменти түптөлгөн. Өлкөдө трайбализмдин күчөшү, коррупция, экономикалык кризис, жакырчылык, жумушсуздуктун пайда болушу, билим берүү системасынын начарлашы, бийлик бутактарындагы тең салмактуулуктун жоктугу 2005 – жылдагы саясий кризистин келип чыгышына алып келди. Бул маселелердин чыгуу себебин табып аны жойгонго багытталган реформалардын жыйынтыктарын билүү менен мамлекеттин коомдук саясий жашоосун жакшыртуу үчүн аракеттерди кылуу тарыхчы окумуштууларынын алдында турган эң көйгөйлүү маселе. Белгилүү бир

конституциялык моделдин натыйжалуулугун, анын демократиялык коомдун калыптанышына жана жарандардын саясий социалдашуусуна тийгизген таасирин аныктоо саясий тутумду, саясий жашоонун өнүгүшүндөгү мыйзам ченемдерди изилдөө диссертациялык теманы актуалдаштырган. Бул тема боюнча илимий иштер жазылгыны менен жетиштүү көлөмдө изилденген эмес.

3. **Изилдөөнүн хронологиялык рамкасы:** 1991-жылдан тартып 2005-жылды камтыйт.
4. **Диссертациялык иштин максаты:** Кыргыз Республикасынын 1991 – 2005 жылдардагы коомдук – саясий турмушунун өнүгүү тарыхын ар тараптуу изилдөөгө алуу. Алдыга коюлган максатына жетүү үчүн диссертант төмөндөгүдөй милдеттерди караган:

– Изилдөөнүн теоретикалык аспектилеринин негизинде талдоо;
– Илимий изилдөөнүн объектисин жана предметин тактоо;
– Коомдук уюмдардын, саясий партиялардын өнүгүүсү, коомго тийгизген таасирин аныктоо;
– Президенттик бийликтин калыптануусун изилдөөгө алаган окумуштуулардын эмгектери талдоого алынган**.**

5. **Эскертүүлөр:** Диссертациялык эмгекте төмөндөгүдөй кемчиликтер кездешет:

– Киришүү: 9 беттен турат. Эреже боюнча кандидаттык диссертациянын киришүүсү 4 беттен 6 бетке чейин уруксат берилет. Актуалдуулугун кыскартып негизги ойду берүү зарыл.
– 6 бетте изилдөөнүн максаттары толук ачылбай калган. М: изилдөөнүн методологиялык негиздерин аныктоо жана ыкмаларды колдонууда.
– Максатын кайрадан карап илимий тыянак чыгаруу керек.
– Илмий жаңылыкта берилген 1- 2 бөлүмдөр окшош болуп калган, илимий текст түзүүдө шартка ылайыктоо зарылдыгы бар.

- Тарыхнаамада тарыхчылар, саясатчылар, экономистердин, социологдордун эмгектерин озүнчө топко бөлүп кароо илимий негизде болмок.
- Таблицага жеке илимий талдоо жүргүзүү зарылдыгы жаралган.
- Илимий изилдөөнүн жаңылыгы анын натыйжаларынын тажрыйбалык мааниси диссертациялык эмгекте үстүртөн жүргүзгөн. Андыктан диссертацияда терең илимий талдоо жүргүзүүсү керек.

6. **Сунуштар.**
   - **Изилдөөнүн меттодору менен булактык базасын өзүнчө глава кылып бөлүү зарыл.**
   - Адабияттардын тизмеси шилтемелер менен дал келтириш керек.
   - Конституцияга арналагн реформалар менен экономиканы кошуп койсо болот.
7. Диссертация киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.
8. Диссертант тарабынан төмөндөгүдөй практикалык сунуштар берилген. 1991 – 2005 жж. аралыгындагы Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүү тарыхын изилдөө төмөндөгүдөй практикалык сунуштарды берүүгө негиз болду:

- Коомдук саясий турмуштун өнүгүүсү саясий бийликтин иштөө механизмине жана жүргүзүп жаткан саясатына байланыштуу. Демократиялык режимди орнотууда мамлекетте саясий жана экономикалык кырдаалды көзөмөлдөөнүн инструменттерине ээ болгон туруктуу саясий бийлик болуш керек.
- Саясий маселелерди чечүү үчүн саясий күчтөрдүн ортосунда диалог болуш кереке. 1991 – 2005 жж. Кыргыз Республиксынын коомдук саясий өнүгүсүнө таасир эткен чыр-чатактар жана тирешүүлөр саясатчылардын ортосундагы байланыштын жана ишенимдин жоктугунан келип чыккан.
- Коомдук – саясий турмуштун өнүгүшүнө жарандардын саясий активдүүлүгү таасир этет. . Жарандар шайлоого катышуу аркылуу саясий

тутумдун институттарын түзүп берет. Ошондуктан, мамлекеттин ичиндеги кайра куруулар биринчи кезекте калктын аң – сезиминде ишке ашырылууга тийиш. Анткени саясий билимдүү жарандар саясий кырдаалды туура талдап, туура чечимдерди кабыл алуу менен саясий системанын иштешине таасир эте алат.

- Саясий партиялардын коомдогу көйгөйлүү маселелерди чече турган реалдуу программалары жана платформалары болуш керек.
- Шайлоолор – элдик суверендүүлүктү ишке ашыруунун, коомдук пикирди калыптандыруунун жана мамлекеттик механизмдин туруктуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуучу негизги курал. Демократияны чыңдоонун негизги көрсөткүчү – бул демократияны зарыл шарт деп эсептеген шайлоочулардын пайызы. 1991 – 2005-жж. аралыгында Кыргызстанда болуп өткөн шайлоолорго администрациялык ресурстарды колдунуу, шайлоочулардын тизмесин бурмалоо, добуштарды сатып алуу сыяктуу көрүнүштөр саясий туруксуздуктун келип чыгышына таасир тийгизген. Демек шайлоо тутумунун мыйзам базасын жакшы иштеп чыгуу керек.
- Конституция мамлекеттин баш мыйзамы болгодуктан коомдун өнүгүүшүнө ылайык келиш керек. Конституция саясаттагы, экономикадагы, социалдык чөйрөдөгү көйгөйлөрдү чечүү менен мамлекеттин ичинде жашаган ар бир атуулдун укугун коргой ала турган баш мыйзам болуш керек. Мындан ары референдум институтун пайдаланып, Конституцияга тез-тез өзгөртүүлөрдү киргизүү практикасынан баш тартуу зарыл.

## Корутунду

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык

ишинин кол жазмасы КР окумуштуу даражасын берүү боюнча Жобосунун талаптарына жооп берет. Диссертациялык иш илимий-теориялык талаптарга ылайык, тийиштүү адабияттардын жана булактардын негизинде өз алдынча жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө болуп саналат

**Диссертациялык кеңештин эксперти** берилген документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешинде Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)” деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Эксперт:** **Ормушев А. С.**
**тарых илимдеринин**
**доктору, профессор.**

**Эксперттин колун тастыктайм,** **Карыева А. К.**
**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору**

15.01.2024-ж.